***Калдыбаева А.Т.,***
***п.и.д., профессор, И. Арабаев атындагы КМУ***

***Машанова А.С.***
***И. Арабаев атындагы КМУнин аспиранты***

# ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮНҮ МОДЕРНИЗАЦИЯЛОО ШАРТЫНДА СТУДЕНТТЕРДИН ИЛИМИЙ-ИЗИДӨӨЧҮЛҮК ИШМЕРДИГИ

***Калдыбаева А.Т.,***
***д.п.н., профессор***
***Кыргызский государственный университет***
***имени И. Арабаева***

***Машанова А.С.***
***аспирантка***
***Кыргызский государственный университет***
***имени И. Арабаева***

# НАУЧНО-ИССЛЕДОВАТЕЛЬСКАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ СТУДЕНТОВ В УСЛОВИЯХ МОДЕРНИЗАЦИИ ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ

***Kaldybayeva A.T.,***
***doctor of pedagogical sciences, professor***
***Kyrgyz State University named after I. Arabaev***

***Mashanova A.S.***
***post-graduate student***
***Kyrgyz State University named after I. Arabaev***

# RESEARCH ACTIVITIES OF STUDENTS IN THE CONDITIONS OF MODERNIZATION OF HIGHER EDUCATION

***Аннотация:*** *Студенттердин илимий-изилдөө иштери (СИИИ) – жогорку кесиптик билим берүүдө адистерди даярдоонун милдеттүү, органикалуу ажырагыс бир бөлүгү болуп эсептелет. Бул университеттин негизги милдеттеринин бири болуу менен, ал окуу жана илимий процесстердин биримдигинин негизинде чечилет. ЖОЖдун илимий-изилдөө ишмердиги – бул таанып билүүнүн илимий усулдарынын ыкмаларынын студенттер тарабынан колдонулушу. Бул ишмердик эксперименталдык жактан байкоого алынган же теориялык иликтөөгө алынган фактыларды, көрүнүштөрдү, процесстерди, мыйзам-ченемдүү байланыштардын жана мамилелердин далилдигин түшүндүрүүгө багытталган.*

***Аннотация:*** *Научно-исследовательская работа студентов (НИРС) – обязательная, органически неотъемлемая часть подготовки специалистов высшего профессионального образования. Это одна из основных задач университета, которая решается на базе единства учебного и научного процессов. Научно-исследовательская деятельность студентов ВУЗа – это применение студентами приемов научных методов познания. Эта деятельность направлена на объяснение экспериментально наблюдаемых или теоретически анализируемых фактов, явлений, процессов, доказательство закономерных связей и отношений.*

***Annotation:*** *Research work of students (RWS) is a mandatory, organically integral part of the training of specialists of higher professional education. This is one of the main tasks of the University, which is solved on*

*the basis of unity of educational and scientific processes. Research activity of University students is the application of methods of scientific methods of knowledge by students. This activity is aimed at explaining experimentally observed or theoretically analyzed facts, phenomena, processes, proof of natural relationships and relationships.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *илимий-изилдөө ишмердүүлүк, билим берүү, адистерди даярдоо, изилдөө жөндөмү, таанып билүү, илимий усулдар, натыйжа.*

***Ключевые слова:*** *научно-исследовательская деятельность, образование, подготовка специалистов, познание, исследовательские умения и способности, результат.*

***Key words:*** *research activity, education, training of specialists, knowledge, research skills and abilities, result.*

Кыргызстандагы жогорку билим берүүнүн көп деңгээлдүү даярдоо системасына өтүүсү студенттерди даярдоонун мазмунун өзгөртүүнү талап кылууда. Бул өзгөрүүлөр үчүнчү муундагы билим берүүчү стандарттардын мазмунунда чагылдырылды, алардын негизин компетенттүү мамиле түзгөн. Ал билим берүү процессинин катышуучуларын инсандын болочок кесиптик ишмердигинде зарыл болгон жеке сапаттарын калыптандырууга багыттайт. ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүн илимий-изилдөөчүлүк ишмердикке даярдоо кесиптик даярдыктын эң маанилүү элементтеринин бирине айланууда. ЖОЖдо бакалавриат деңгээлинде билим алууда студенттер илимий-изилдөө ишмердиги тууралуу түшүнүктөргө ээ болуу менен илимий ийримдерге катыша алат. Магистранттардын жана аспиранттардын илимий-изилдөөчүлүк ишмердикке катышуусу бул этапта окутуунун милдеттүү шарттарынын бири болуп эсептелет. Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык, магистратуранын жана аспирантуранын бүтүрүүчүлөрү атайын кесиптик милдеттерден тышкары илимий-изилдөө иштерин алып барууга да жөндөмдү болушу керек [7, 48-б.].

Илимий-изилдөө иштерине карата студенттердин даярдыгы мамлекеттик билим берүү стандарттарында чагылдырылган [8, 167-б.]. Студенттердин илимий-изилдөө иштери (СИИИ) – жогорку кесиптик билим берүүдө адистерди даярдоонун милдеттүү, органикалуу ажырагыс бир бөлүгү болуп эсептелет. Бул университеттин негизги милдеттеринин бири болуу менен, ал окуу жана илимий процесстердин биримдигинин негизинде чечилет [9, 17-б.].

ЖОЖдун илимий-изилдөө ишмердиги – бул таанып билүүнүн илимий усулдарынын ыкмаларынын студенттер тарабынан колдонулушу. Бул ишмердик эксперименталдык жактан байкоого алынган же теориялык иликтөөгө алынган фактыларды, көрүнүштөрдү, процесстерди, мыйзам-ченемдүү байланыштардын жана мамилелердин далилдигин түшүндүрүүгө багытталган. Студенттердин илимий ишмердиги окутуучулардын жетекчилиги астында жүзөгө ашырылат жана ал билимдерге жигердүүлүк менен ээ болууга, изилдөө жөндөмүн жана жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет [1, 69-б.].

М.И. Колдина студенттердин илимий-изилдөөчүлүк ишмердигин «адамдын, коомдун, курчап турган жаратылыш чөйрөсүнүн кызматы жана өнүгүүсү жана аларды практикалык максатта колдонуусунун негизги мыйзам-ченемдүүлүктөрү тууралуу жаңы билимдерди алууга багытталган» таанып билүү активдүүлүгү катары аныктайт [5, 81-б.]. СИИИ студенттердин өз алдынча негиздүү ой жүгүртүү жана корутунду чыгара билүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүдө милдеттерди чечүүгө багытталган. Бул өз алдынча маалымат издөө, илимий усулдарды пайдалануу, изилдөөчүлүк иштерди уюштуруу үчүн зарыл болгон жеке жана кесиптик сапаттарды калыптандырууну билдирет. Илимий-изилдөө иштерине катышуу студенттерге алган билимдерин иш жүзүндө колдонууга мүмкүнчүлүк берет. Ишмердиктин бул түрү өзүн өзү өнүктүрүүгө жана билимин өстүрүүгө умтулуусун калыптандыруу менен акмеологиялык кызматты аткарат. Илимий-изилдөө иштери ишке чыгармачыл мамиле кылууга, окуу изилдөөлөрүнүн практика менен байланышына өбөлгө түзүүгө багытталган. СИИИ ошондой эле окуу-тарбиялык мүнөздү алып жүрөт, бул билим берүү процессин бир бүтүн жана бүткөн абалга алып келет [3, 246-б.].

СИИИин уюштуруу ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу милдетин алдыга коет. Студенттерде изилдөөчүлүк иштердин көндүмүн өнүктүрүү эмгекке карата аң-сезимдүү, чыгармачыл мамилени калыптандырууга, алган кесибинде өзүн өзү өнүктүрүүгө умтулуусуна багытталган. Бүтүрүүчүнүн ЖОЖдо даярдык көрүүнүн жүрүшүндө ээ болгон изилдөөчүлүк

жөндөмдүүлүгү жумуш берүүчү тарабынан ага коюлуучу талаптарга жооп берүү менен эмгек рыногунда керектүү болуусуна мүмкүнчүлүк берет. Билим берүү стандарттарында магистрантты жана аспирантты өз алдынча изденүүчү катары калыптандыруу зарылдыгы айтылганы менен, чындыгында аны жүзөгө ашыруу кыйынчылыктарды туудурат. ЖОЖдун студенттеринин илимий-изилдөө ишмердигин өнүктүрүүнүн негизги кыймылдаткыч күчү болуп түрдүү карама-каршылыктар эсептелет. Биринчи кезекте, бул илимий-изилдөө маселелерин чечүү үчүн зарыл болгон билимдер, жөндөмдөр, көндүмдөр, аракет ыкмалары, студенттин жеке сапаттары жана касиеттери менен алардын реалдуу абалынын ортосундагы карама-каршылык [1, 67-б.].

Студенттердин илимий-изилдөө иштеринин натыйжалуулугу көпчүлүк учурда жаңы билимдерди алууга карата кызыгуусунан, илимге болгон кызыгуусунан, жөндөмдөрүнөн жана талантынан көз каранды. Кыргыз мамлекеттик университетинин студенттеринин илимий-изилдөө иштерине болгон мамилесин изилдөө максатында гуманитардык жана табигый-математикалык адистиктер боюнча билим алгандар сурамжылоодон өткөрүлдү. Респонденттер бир катар критерийлери боюнча бөлүштүрүлдү: адистиги, жынысы, курсу. Изилдөөнүн натыйжасында студенттердин болгону 36% гана илимий-изилдөө ишмердигине катышаары аныкталды. Ошентип, сурамжылоонун катышуучуларынын 64%ы СИИИне катышпайт экен. Мындай бөлүштүрүү 1-2-курстун жана ошондой эле 3-4-курстун да студенттери үчүн мүнөздүү көрүнүш. СИИИнин катышуучулары үчүн жетишүүнүн жогорку натыйжалары мүнөздүү. Алардын арасында сурамжылангандардын 55%ы жетишүүнүн жогорку көрсөткүчтөрүнө ээ, ал эми СИИИне катышпаган студенттердин жетишкендиктери – болгону 45% гана түзгөн. СИИИне катышкандардын арасында уландарга караганда кыздар үстөмдүк кылат. Гуманитардык профилде билим алып жатышкан студенттер табигый-математикалык кесиптеги студенттерге караганда илимий-изилдөө ишмердигине жакыныраак келишет. Изилдөөнүн жүрүшүндө студенттер илимий-изилдөө иштеринин кандай көндүмдөрүнө ээ экендигин: «жакшы билем», «айрым көндүмдөргө ээмин», «билбейм» деген шкала боюнча аныктадык. Студенттердин 36%ы теориялык материалды тандаганды жана идиктөө жүргүзгөндү жакшы билерин белгилешкен. Эки топ боюнча (табигый-математикалык жана гуманитардык адистиктер) алынган көрсөткүчтөрдү салыштыруу менен биз табигый-математикалык адистиктеги студерттерге (8%) салыштырмалуу гуманитарийлер (20%) илимий басылмаларды жазууга даярдыгы көбүрөөк экенин байкадык. Ал эми эсептерди чыгарууда табигый-математикалык профилдеги студенттерге (32%) караганда гуманитарий-студенттердин даярдыгы азыраак (8%).

Сурамжылоонун натыйжалары изилдөө иштеринин көндүмдөрү теориялык деңгээлде мыкты калыптангандыгын көрсөтүп турат. Изилдөө жүргүзүүнүн практикалык көндүмдөрүнө сурамжылоонун катышуучуларынын бештен аз бөлүгү гана ээ. Биз студенттер төмөнкү иш-чараларда көбүрөөк катышаарын аныктадык. Студенттердин жарымынан көбү олимпиадаларга жана конференцияларга катышат. Конференцияда катышуучу катары сурамжылангандардын болжолдуу түрдө үчтөн бир бөлүгү катышат. Көргөзмөлөрдө сурамжылоонун төрттөн бир бөлүгү катышат.

Сурамжылангандардын 19% изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча басылмаларга ээ. Илимий иштердин конкурсунда анкеталык сурамжылоонун 16% катышкан. Ошентип, илимий иш чараларга жигердүүлүк менен катышып, өз изилдөөлөрүнүн натыйжаларын көрсөтө алган студенттер сурамжылануучулардын болгону үчтөн бир гана бөлүгүн түзгөн. Респонденттердин жарымынан көбү байкоочулардын ролунда. Респонденттердин 21% бир да илимий иш-чарага катышпагандыгын билдиришкен. Илимий-изилдөө иштеринин көндүмдөрүнө ээ болуу студенттерде бир катар кыйынчылыктарды пайда кылат. Көптөгөн илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, илимий-изилдөө ишмердигин уюштурууда сурамжыланган студенттердин басымдуу бөлүгү (90%) олуттуу кыйынчылыктарга дуушар болоорун көрсөттү; респонденттердин 84%ы студенттердин илимий-изилдөө ишмердик менен алектенүүсүн шыктандыруу үчүн ЖОЖдордо жетиштүү деңгээлде шарттар түзүлгөн эмес деп эсептешет.

Студенттердин 75%ы илимий-изилдөө ишмердигине карата даярдыгынын төмөн, ал эми 17% – орточо жана болгону 8% – жогору экени аныкталды. Биздин пикирибизче, аталган кыйынчылыктар студенттердин статусунун, багытынын жана максаттарынын ачыкталбагандыгы менен байланышкан. Окутуучулардын жана студенттердин баары эле илимий ишти өз алдынча ишмердиктин түрү катары эсептей бербейт. Студенттердин илимий-изилдөө иштерин окуу ишмердигининин бир түрү катары кара-

ган тенденция да жок эмес. Ал эми окуу ишмердиги менен илимий иштер бир катар айырмаланып туруучу белгилерге ээ. Мындай айырмачылыктар, адатта, бул ишмердиктердин түзүлүшүндө байкалып турат. Илимий-изилдөө ишмердикти жүзөгө ашыруу процессинде окумуштуулар төрт негизги этаты бөлүп карашат. Багытталуучу этапта алдыга коюлган максаттарга ылайык ишмердиктин эрежелерин жана усулдарын тандоо ишке ашырылат. Максатка жетишүү каралган объектинин же кырдаалдын өзгөрүүсү аткаруучу этапта ишке ашырылат. Текшерүүчү этапта натыйжаларды жана максатты салыштыруу жүзөгө ашырылат. Оңдоп-түзөөчү этапта ишмердиктин аякташы тууралуу жыйынтыктоочу текшерүүгө же калган операцияларды өнүктүрүү үчүн анын этаптарынын бирине аналитикалык сереп салынат [2, 59-б.].

Ошентип, илимий-изилдөө ишмердиги максатка жана милдеттерге карата сынчыл мамилени, жыйынтыкты өзүнүн баалоосунун элементтерин камтып турат. Бул аны окуу ишмердигинен алда канча айырмалап турат. Окуучуга карата гумандуу мамиле жасоодо баллдардын бул система жөндөмсүз, бирок аракетчил студенттерге жогорку баллдарды алууга кепилдик берет. Бул системада студенттердин окуу ишмердиги өз алдынча максат коюуга жана жыйынтыктарды баалоого жол бербейт. Өзгөчө, бул тесттик системаны кеңири жайылтууда байкалып турат. Аталган система студенттерди шаблон боюнча иш алып барууга үйрөтөт, ал алдыга коюлган максаттарды мыкты аткарууга аракет кылууну калыптандырбайт. Бул СИИИнин сапатынын төмөндөшүнө таасир этет, иш жүзүндө жайылтылган изилдөө долбоорлорунун деңгээлинин төмөндүгүн көрсөтүп, студенттердин илимий изилдөөлөрдүн тематикасын тандоодо жана аны ишке ашырууда өз алдынчалыгынын деңгээлинин төмөн болушуна алып келет. Өткөрүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгы көрсөткөндөй, студенттердин ИИИге катышуусу алардын социалдашуусунун маанилүү фактору катары көрсөтүлүгөн. Сурамжылоонун жарымынан көп катышуучусу чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрөт, кесиптик билимдерди изденүүгө жана тереңдетүүгө түртөт деп эсептешет. Сурамжылангандардын 43%ы илимий иш студентти тартипке чакырат деп эсептейт. Сурамжылоонун катышуучуларынын үчтөн бир бөлүгү илимий иш окуу менен практиканы айкалыштыраарына ишенет. Сурамжылангандардын 4%ы гана илимий иштер кесиптик даярдыктын сапатына эч кандай таасир этпейт деп эсетешет. СИИИне катышуу анын катышуучулары үчүн белгилүү бир деңгээлде пайда алып келери шексиз. Бирок коомдун инновациялык өнүгүүсүнүн заманбап программалык документтери практикалык мааниге ээ илимий ишмердиктин жогорку натыйжаларына жетишүүгө багыттайт. Заманбап жогорку билим берүүнү өнүктүрүү үчүн ал олуттуу илимий изилдөөлөргө негизделүүсү абдан маанилүү. Көптөгөн жаштардын чыгармачыл потенциалынын ишке ашпай жаткан себептеринин бири болуп ЖОЖдогу окутуунун ортодоксалдык тажрыйбасынын орун алышы эсептелет, мында, өкүнүчтүүсү, креативдүү ой жүгүртүүнү өнүктүрүүнү камсыздоочу илимий дискуссиянын элементи дээрлик жокко эсе [6, 3-б.]. Бул маселени чечүү үчүн көптөгөн изилдөөчүлөр педагогдордо алардын жеке креативдүүлүгүн тарбиялоону сунуштайт. Окуучулардын чыгармачыл жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн педагог өзү чыгармачыл инсан болуп, өзүндөгү инерция күчүн, шаблондуулукту, окутуудагы формалдуулукту жеңгенге аракет кылышы керек. Педагогдун креативдүүлүгү окулуп жаткан окуу предметтеринин, сабактардын формасынын алкагында окутуунун жаңы усулдарын түзүү жана колдонуу катары каралып жүргөнү белгилүү. Биздин пикирибизче, бул окуучулардын өз алдынчалыгын, ишмердиктин жыйынтыктары үчүн жеке жоопкерчиликти калыптандыруу маселесинин маңызын жокко чыгарат. Бул сапаттарсыз студенттердин ой жүгүртүүсүнүн креативдүүлүгүн өнүктүрүүгө болгон бардык аракеттер натыйжасыз болуп эсептелет. Бирок студенттердин окуу ишмердигинин заманбап стандарттары, формалары, нормалары аларда өз алдынчалыкты жана жоопкерчиликти калыптандырууга карата көрсөтмөлөргө карама-каршы абалда. Н.В. Козлова жана Д.В. Луков тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжаларына ылайык, студенттер болочок кесиптик ишмердигинде ийгиликти камсыздоо үчүн илимий-изилдөө иштеринин маанисин түшүнүүгө багытталуусун өтө төмөнкү деңгээлде чагылдырып турат.

Көптөгөн студенттер ИИИин аткарууда тышкы факторлорго багытталган: окутуучуну сыйлоо, жакшы баа алуу ж.б. Изилдөөнүн жыйынтыгы студенттер келечекте кесиптик карьерага кызыгаарын, алардын илимий ишмердигинин буга жардамы тиерин дээрлик көрбөгөндүгүн айтышаарын көрсөттү. Сурамжыланган студенттердин 50%дан ашууну илимий-изилдөө иштери эмне үчүн керектигин, аны кайда ишке ашыруу жана жайылтуу керектигин билишпейт [4, 212-б.].

Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча респонденттердин 40%ы гана студенттердин илимий-изилдөө ишмердикке катышуусу аларды болочок кесипке даярдайт деп эсептээри белгилүү болгон. Демек, сурамжылоонун 59% СИИИин кесиптик адаптациялануунун фактору катары карашпайт. 41% студент үчүн илимий-изилдөө иштерине катышууга шыктандыруучу болуп алардын магистратурада билим алуусун улантуудагы планы эсептелет. ЖОЖдордо студенттердин илимий-изилдөө иштерин уюштуруу бири бирине көптөгөн аспектилери боюнча карама-каршы келүүчү көптөгөн максаттарды аркалайт. Бир жагынан, студенттердин илимий иши окуу процессине жайылтылган. Ал илимди популярлаштырууга, студенттерди илимий усулдар, анын жетишкендиктери менен тааныштырууга багытталган. Бул СИИИнин таанып билүүдөгү натыйжалуулугу менен байланышкан.

Студенттердин илимий-изилдөө ишмердиги окуу процессин индивидуалдаштырууга, студенттердин окуу активдүүлүгүн стимулдаштырууга, магистратурада билим алуусун улантууга мүмкүндүк берет. СИИИнин натыйжалуулугунун таанып билүү аспектиси студенттерди массалык түрдө кмтууга багытталган. Бирок ал жогорку илимий жетишкендиктерди алууну максаттабайт, анын студенттердин кесиптик өзүн ишке ашыруусу менен да байланышы начар. СИИИнин инновациялык эффективдүүлүгү илимдин жолунда алдыга жылуусун баалайт. Бул аспектинин ишке ашуусу алардын өз алдынчалуулугун, активдүүлүгүн, жоопкерчилигин, жаңы илимий билимдерди алууда өз салымын кошууга жасалган аң-сезимдүү аракеттерин өнүктүрүү менен байланышкан. ЖОЖдордогу окуу процессин уюштуруунун заманбап принциптерине ачык эле каршы келет.

Демек, СИИИнин инновациялык активдүүлүгү салттуу сандык усулдардын жардамы менен бааланышы мүмкүн эмес. СИИИнин таанып билүү эффективдүүлүгү инновациялык эффективдүүлүктүн көрсөткүчтөрү менен ачык эле каршы келет.

**Адабияттар:**


1. Анисимова, В.А. Методика развития научно-исследовательской деятельности студентов вуза // Вестник Южно-Уральского государственного университета. Серия: Образование. Педагогические науки. – 2009. – №13 (146). – С. 66-72.
2. Беспалько, В.П. О возможностях системного подхода в педагогике // Советская педагогика. – 1990. – №7. – С. 59-60.
3. Быкова, А.В. Научно-исследовательская деятельность и государственный образовательный стандарт нового поколения: результаты и перспективы компетентностного подхода // Вестник Костромского государственного университета им. Н.А. Некрасова. – 2011. – №2. – Т. 17. – С. 246-250.
4. Козлова, Н.В. Комплексная программа повышения мотивации к научной деятельности (психолого-акмеологический подход) // Известия ТПУ. – 2007. – № 3. – С. 211-217.
5. Колдина, М.И. Подготовка к научно-исследовательской деятельности будущих педагогов профессионального обучения в вузе: дис. канд. пед. наук. – Нижний Новгород, 2009. – 189 с.
6. Круглов, В.И. О направлениях совершенствования государственной аккредитации вузов: доклад на собрании научно-педагогической общественности от 26 ноября 2008 г. – Белгород, 2008.
7. Угрюмова, М.В. Роль научно-исследовательской деятельности студентов в формировании нравственной устойчивости / М.В. Угрюмова, Е.В. Кузнецова // Концепт. – 2012. – №9. – С. 46-50.
8. Шадчин, И.В. Формирование готовности студентов вуза к научно-исследовательской деятельности // Интеграция образования. – 2012. – № 1. – С. 14-18.
9. Яковлева-Чернышева, А.Ю. Инновационные подходы к организации научно-исследовательской деятельности университета // Концепт. – 2015. – №4. – С. 16-20.